Джайнакова Гульнур Бердибаевнанын "Кыргыз Республикасынын Чүй өрөөнүнүн боз-шалбаа топурагында жер семирткичтерди узак мөөнөттө колдонууда жаздык буудайдын түшүмү жана сапаты" деген диссертациясына

ПИКИР.

Теманын актуалдуулугу эч талашсыз, анткени, маанилүү азык- түлүк өсүмдүгү жаздык буудайдын азыктануу өзгөчөлүгү жана жер семирткичтери, которуштуруп айдоонун төртүнчү ротациясында,Чүй өрөөнүнүн боз шалбаа топурагынын шартында буга чейин изилденген эмес.

Стационардык тажрыйба шартында, Г.Б.Джайнакова колдон келишинче, топурактагы сиңимдүү азык элементтеринин камтылышына, өсүмдүктөгү азот, фосфор, калийдин топтолуу, зарпталуусуна, түшүм менен чыгуусуна, фотосинтездик аракетине, түшүмүнө, биохимиялык курамына, экономикалык жана энергетикалык эффективдүүлүгүнө жер семирткичтердин таасирин дыкаттык менен изилдеди. Ошонун негизинде, ал тарабынан, өндүрүшкө жер семирткичтердин өлчөмдөрү жана колдонуу мөөнөттөрү боюнча илимий-негиздеги, жаздык буудайдын 35-40ц/га данынын түшүмүн бере турган сунуш иштелип чыкты.

Алынган түшүмдүн натыйжалары дисперсиялык анализден өткөрүлгөн.Жаздык буудайдын түшүмдүүлүгүнө өз таасирин тийгизишкен бардык көрсөткүчтөрдүн ортосундагы байланыштар математикалык статистиканын корреляция жана регрессия методдорунун жардамы менен далилденген.Байланыш тыгыз болгон учурларда регрессия теңдемеси түзүлүп, биринчи көрсөткүчтүн өзгөрүүсү менен экинчисинин мааниси канча деңгээлде өзгөрөөрүн аныктоого шарт түзүлгөн.Изилдөө иштери жеткиликтүү методикалык деңгээлде жүргүзүлгөн, диссертациялык иш мамлекеттик тилде жазылды. Аткарылган иштин көлөмү ,маани -маңызы, автордун, маанилүү маселелерди билгичтик менен чечээринен кабар берет.

Жогоруда айтылгандар, Г.Б.Джайнакованын иши, белгилүү даражада теориялык жана практикалык мааниге ээ, кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарга толук жооп берет, иштин автору айыл чарба илимдеринин кандидаты деген илимий даражаны - 06.01.04.-агрохимия адистиги боюнча изденип алууга татыктуу деп айтууга арзыйт.

Илимий жетекчи:

айыл чарба илимдеринин доктору,

профессордун м.а. Н.Д. ДУЙШЕМБИЕВ

"24" 02 2020-ж.

КАДРЛАР ЖАНА ИШ КАГАЗДАРЫН БАШКАРУУ БӨЛҮМҮ

Н.Дуйшембиевдин кол тамгасын тастыктайм

Подпись ... заверяю
Нач. отдела кадров
" " 20 г.